# ОшМУнун эл аралык билим берүү программалары колледжинин окуу-усулдук кеңешинин
# № 8 ПРОТОКОЛУ

2025-жылдын 30 - апрели
ОУК төрайымы: Т.А. Киргизбаева
Катчы: М. Апышова
Катышкандар: 7 окутуучу

Күн тартибинде:

1. 2-аралык текшерүүгүн жана жыйынтыктоочу тесттик материалдардын даярдыгы (ОМК төрайымдары).
2. ОшМУнун "Заманбап окуу басылмасы" конкурсуна окуулуктарды сунуштоого маалымат.
3. 2024-2025-окуу жылындагы дисциплиналарга даярдалган силлабустарды карап чыгуу.
4. Ар түрдүү маселелер (семинарлар, ачык сабактар, илимий иш-чаралар, олимпиадалар). Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн англис тили окутуучусу Абдисатарова С. сабагына анализ жүргүзүү.

**Угулду:** Т.Киргизбаева: Эл аралык билим берүү программалары колледжиндеги 2-аралык текшерүүнүн жана жыйынтыктоочу тесттик материалдардын даярдыгына токтолду. Ар бир бөлүмдө аталган иштер кандай аткарылыгандыгын, түзүлгөн суроолор силлабустагы темаларга дал келерин дыкаттык менен карап чыгуу маанилүү экендигин баса белгиледи. Ошондой эле материалдарды 30-апрелге чейин АВН системасына жүктөөгө убакыт берилип, ал иштер негизинен аткарылгандыгын айтты.

**Сөзгө чыкты:** З. Кыбыева: Биздин, коомдук дицсиплиналар бөлүмүнүн окутуучуларынын силлабустары текшерилип чыгылды. Ар бир окутуучу КТП менен силлабуска карап суроолорду иштеп чыккандыгы аныкталды.

Ниёзов Асылбек: Котормо иши бөлүмү да аталган иштерди талапка ылайык аткарышты. Тесттик суроолор түзүлүп, учурунда АВНге жүктөлүп жатат. Суроолор кайталанган эмес, так, түшүнүктүү даярдалган.

Чогулушка катышкан башка усулдук жетекчилер да айтылган ойго кошулушуп, баары айтылган иштер аткарылгандыгына токтолушту.

2-маселе

**Угулду:** Т.Киргизбаева: ОшМУнун "Заманбап окуу басылмасы" конкурсуна окуулуктарды сунуштоо боюнча маселе каралып жатат.Эгерде кайсыл бир бөлүмдүө "Заманбап окуу басылмасы"на ылайык окуулуктар болсо, катышууга жана катталууга шилтемелер ташталат.

3-маселе

**Угулду**: Т. Киргизбаева: 2025-2026-окуу жылындагы дисциплиналарга силлабустарды карап чыгуу боюнча атайын комиссия түзүлүп, иштеп чыгышат. Алар жаңы окуу жылына даярдалган КТП, силлабустарды карап чыгып, мыкты делген силлабустарды аныкташат. Кайсы окутуучу тарабынан эң жакшы силлабустар даярдалган болсо, ошолор гана түзгөн предметинен сабак өтүүгө болот деген чечим берилиш керек. Биз ушул айтылган боюнча иштерди жүргүзүп, презентацияларды карап чыгабыз. Ошондой эле, дицсиплиналардын катологдору бөлүм башчылары тарабынан даярдалып, алар да каралып чыгат.

4-маселе

**Угулду**: Ниёзов А., Мадалиева Э.: Бул окуу жылында ЭББПКда семинарлар жана ачык сабактар үзгүлтүксүз болуп турду. Өтүлгөн ачык сабактар алдын ала түзүлгөн иштелмелерди талкууга койгон соң өтүлүп жатты. Катышкан окутуучулар тарабынан ачык сабактарга учурунда анализ жасалып, сунуш-пикирлер айтылды жана учурунда протоколдор жазылды. Ал эми семинарларда кызыктуу, замандын талабына ылайыкташкан усул-ыкмалар көрсөтүлдү.

**Угулду**:

ЭАББПКнин Коомдук дисциплиналар бөлүмүнүн башчысы Г. А. Мадмарова: СТЕМ колледжинин англис тили окутуучусу Абдисатарова Салкынайдын сабактарына катыштым. Алгач сабак өтүүдө окутуучу бир топ усулдук жактан аксап жаткандыгы байкалды. Бир нече сабагынан кийин усулдук жардамдар берилип, анан ачык сабак уюштурулду. 28.04.2025 АСОиУ-9-5-24 4-агымга сабагына катыштым. Студенттер да сабакка активдүү катышууга аракет жасады. Сабак өтүүдө окутуучу студенттерди топторго бөлүп иштетти жана жекече тапшырмаларды берди. Жаңы теманы өтүүдө кластерди пайдаланды. Ар бир студенттин эмгегин баалоого аракет жасады.

ЭАББПКнин окуу-усулдук кеңешинин төрайымы Т.А. Киргизбаева: 28.04.2025 АСОиУ-9-5-24 4-агым. План иштелмесинде сабактын структурасы толук сакталган, бирок убакытты үнөмдүү пайдаланган жок. Сабакка 5 студент катышты. План иштелме календардык тематикалык планга дал келет. Сабак учурунда өткөн тема боюнча сөздүктөрдү кайталашты, Жаңы темага чакыруу максатында “ Муз жаргычты” колдонду. Сүйлөө көндүмдөрүн калыптандырууда оозеки сүйлөмдөрдү түзүштү. Жаңы теманы түшүндүрүүдө студенттерди топко бөлүп, грамматикасын өрчүттү. Ар бир студент сабактын башында коюлган максатты түшүнүүгө аракет жасашты, жана өз ой-пикирин айтууну үйрөнө алышты.

Маселени карап чыгып, окуу-усулдук төрайымы төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

1. 2-аралык текшерүүүн жана жыйынтыктоочу тесттик материалдардын даярдыгы жакшы деп бааланcын.
2. ОшМУнун “Заманбап окуу басылмасы” конкурсуна ар бир бөлүмдүн окуу усулдук кеңешинин төрайымдарына бөлүмгө жеткирүү милдеттендирилсин.
3. 2025-2026-окуу жылындагы дисциплиналардын катологдорунун түзүлүшү жана силлабустардын иштелип чыгышы боюнча даярдаган Т. Киргизбаеванын билдирүүсү эске алынсын.
4. Окутуучу Абдисатарова Салкынайга ЭАББПКнин ОУК төрайымы Т.А. Киргизбаева усулдук жардам көрсөттү. Окутууда СТЕМ колледжинин окуу-усулдук кеңешинин төрайымы тарабынан көзөмөлгө алуу жагы милдеттендирилсин.

ОМК төрайымы: Т. Киргизбаева

Катчы: М. Апышова